КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ

ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ
КЫЗЫЛ-СУУ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛ ӨКМӨТҮ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ

ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛ ОКМОТУ КЫЗЫЛ-СУЙСКОГО
АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА

# Буйрук

“____”________2026 №_______ Кызыл-Суу айылы

## Коомдук кабылдама жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 11-октябрындагы ПТ №197, Кыргыз Республикасынын Президентинин Ысык-Көл областындагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2022-жылдын 18-октябрындагы №443 тескемелерин жана Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрациясынын 2022-жылдын 26-октябрындагы №161 буйругун аткарууга алып, калк менен өз ара байланышты жакшыртуу, жарандардын кайрылууларына жооп кайтаруу максатында **буйрук кылам.**

**1.**Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 11-октябрындагы ПТ №197, Кыргыз Республикасынын Президентинин Ысык-Көл областындагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2022-жылдын 18-октябрындагы №443 тескемелерин жана Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрациясынын 2022-жылдын 26-октябрындагы №161 буйругу жетекчилике жана аткарууга алынсын.

**2.** Кызыл-Суу айыл өкмөтүндө “Ишеним телефону (03946 52-1-41)”, “Купуя кутуча” иштерин уюштуруу айыл өкмөтүнүн жоопту катчысы Е.Кадаевага тапшырылат. Айыл өкмөтү башчысына, орун басарына жана айыл өкмөтүнүн адистерине кабыл алуусуна келген жарандардын ооз эки кайрылууларын, даттанууларын, арыздарын каттоо маалымат технологиялар боюнча адиси Б.Джылчиевге тапшырылат. Электрондук почтага, Инфадокстан келеген иш кагаздары менен иш алып баруу айыл өкмөтүнун жоопту катчысы Е.Кадаевага жүктөлсүн.

**3**. Кыргыз радиосундагы бейшемби күнү түз байланышка чыккан “Биринчи кабылдама” радио уктурусунда жергиликтүү тургундар тарабынан берилген арыз, даттануулар менен иш алып баруу жана уктурууда түшкөн кайрылуулардын аткарылышы боюнча жума сайын маалымат берүү Б.Джылчиевге милдеттендирилсин.

**4.**Буйруктун негизинде 2,3 пунктун негизинде чейрек сайын райондук мамлекетик администрациясына отчет берип туруу жагы Б.Джылчиеге тапшырылат.

**5**. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн жоопту катчысы Е.Кадаевага милдеттендирилсин.

**Башчы** **Нурбек уулу Алишер**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 55, 24.04.2026

Кол койгон: Нурбек уулу А.